# АБЫЛАБЕК АСАНКАНОВ – ПЕДАГОГ, ОКУМУШТУУ

Кыргызстандагы белгилүү этнограф тарыхчы (этносоциолог), тарых илимдеринин доктору, профессор, КРнын УИАнын академиги, КРнын Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер Абылабек Асанканов быйыл, тактап айтканда, 2024-жылдын декабрь айында 70 жаш курагына чыгып олтурат. Адам өмүрү "бир көз ирмем" дегендей, кечээ гана жапжаш агайыбыз, бүгүн минтип аксакал курагына келип, илим жаатында күчкө толуп, жигердүү эмгектенүүдө.

Абылабек агайдын өмүр жолуна көз чаптырсак, ал 1954-жылдын 27-декабрында Жумгал районунун Жаңы-Арык (Доскулу) айылында туулуп, ошол эле кыштакта орто мектепти аяктаган. Андан кийин 1972-1977-жылдары СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетиндеги (КУУ) Тарых факультетинде окуп, адистикке ээ болот жана 1977–1979-жылдары айылдык мектептерде тарых сабагынан берген мугалим болуп иштеген. Нарын облусунун Жумгал районундагы "Көл-Арык" орто мектебинде 1977–1978-жылдары, аталган райондун "Жумгал" орто мектебинде 1978–1979-жылдары эмгектенген.

Ушул убакыттан кийин гана Абылабек агай илим жолуна түшүүгө чечим кабыл алат. Ал 1979-жылы Фрунзе шаарына келип, борбордогу Политехникалык институтунун "КПССтин тарыхы" кафедрасында 1979-1980-жылдары окутуучу болуп иштеп, окуу жылынын аягында Москвадагы СССР ИАнын Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы этнография жана антропология институтунун аспирантурасына тапшырат. Аны 1980–1983-жылдары аяктап келип, өзү билим алып кеткен Кыргыз Мамлекеттик университетинде эмгек жолун улантат. Ошол эле жылы этнография илиминдеги "этносоциология" багытында кандидаттык диссертациясын коргоп, тарых илиминин кандидаты наамына ээ болгон. Мына ошондон тартып, агайдын педагогикалык жана илимий жолу башталган.

1984-жылдан баштап 1993-жылга чейин КМУнун Археология жана этнография кафедрасынын башчысы милдетин аткарган. 1992–1993-жылдары Тарых факультетинин деканы болуп иштеген. Дал ушул жылы Абылабек агай иштеп турган университет "Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университети" деп аталып калган (1993). СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетине келип иштегенден тартып, Абылабек Асанкановдун жогорку окуу жайларда билим алышкан жаштарга билим жана тарбия берген педагогикалык, ошондой эле аны менен кошо ала жүргөн илимий ишмердигинин башаты түптөлгөн.

Ал мамлекеттик жана саясий жетекчилик кызматтарды аткарып, коомдук иштерди уюштурууда эң бай тажрыйба топтоого жетишкен. Басып өткөн жолунда КУУдагы Кыргыз таануу институтунун директорлугунан, Кыргыз Республикасынын Президенттик администрациянын Социалдык саясат бөлүмүнүн башчысына чейин жеткен. Ошондой эле түрдүү мезгилдерде Э. Арабаев атындагы Кыргыз педагогикалык университетинин ректору, Кыргыз Республикасынын Президенттик администрациянын Этностук өнүгүү жана дин саясаты бөлүмүнүн жетекчиси, Этностук өнүгүү, дин саясаты жана атуулдук коом менен карым-катнаш бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштеген. Жогорку кызматтарда иштегенден алган тажрыйбаларын жаштарды окутуп, аларды тарбиялоодо жана илимий мекемелерди башкарып, илимий иштерди уюштурууда колдонуп, Абылабек агайдын мыкты жетекчилик сапаттары калыптанган. Анын уюштуруучулук сапаты кыргыздын кыйырына тараган "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесин өткөрүүдө ачык көрүндү. Ал мезгилде А. Асанканов "Манас-1000" дирекциясынын алдында түзүлгөн өкмөттүк "Мурас" ишкер долбоорунун директору болуп туруп, маараке өткөрүүдөгү көптөгөн маселелерди так жана

өз убагында чечип берип турган. Уюштуруу иштери мыкты өткөрүлгөндүгү эске алынып, ал "Манас" дастанынын миң жылдык маарекесине байланыштуу медалы менен сыйланган (1995).

Абылабек Асанкановдун дагы бир өзгөчө сапаты талыкпас изилдөөчү болуп, даанышман илимпоз-окумуштуу катары кыргыз тарых илимине киргендиги эсептелинет. Москвадагы Этнография жана антропология институтунун аспирантурасында россиялык белгилүү этнограф жана социолог Леокадия Михайловна Дробижеванын жетекчилиги алдында этносоциология боюнча илимий ишин коргогон алгачкы кыргыз өкүлү болгон. Бул мезгилде Кыргызстанда этносоциология илими тууралуу түшүнүк дагы болгон эмес. Бирок, талыкпастан эмгектенгендиктин аркасында жана Москвадан алган теориялык-методологиялык билимин колдонуу менен 1980-жылдардан кийин Абылабек Асанканов Кыргызстанда этносоциология илимин калыптандырып, өзүнүн илимий мектебин түзүүгө жетише алды. Бул факты Абылабек агайдын илимпоз катары жетишкендиктери жөнүндө көп нерселерди кабарлап турат.

Тагдыр жолунда Абылабек агай менен алгачкы жолу жолугушуп, таанышканымдан бери туура кырк жыл өтүптүр. Ошондон бери анын окуучусу, кийин кесиптеш коллегасы катары мамилебиз үзүлгөн жок. Ушул мезгилдерден бери агайды жалаң гана педагог, окумуштуу катары билбестен, кандайдыр бир деңгээлде аны жакындан дагы билем десем жаңылышпайм. Ошол себептерден улам, Абылабек агайдын кулк-мүнөзүн, адамдык жеке сапаттары жөнүндө баяндасам туура болчудай. Менин студенттик жылдарымда, мени окуткан, курстук жана дипломдук иштеримдин жетекчиси болгон үчүн агай экөөбүздүн ортобузда устат-шакирт мамилелери түзүлүп, бир далай кызыктуу окуяларга күбө болгонбуз.

Мен өзүм, мектепти аяктагандан кийин бир нече ирет жогорку окуу жайына тапшырып, кулап калгам. Ал ортодо эки жылдык аскердик кызматты өтөөгө жетиштим. Акыры, 1983-жылы күз айында Кыргыз Мамлекеттик университеттин Даярдоо бөлүмүнө угуучу болуп өтүп, кийинки 1984-жылдын сентябрынан баштап университеттеги Тарых факультетинин студенти болдуп калдым. Бир нече жолу жыгылып, араңдан зорго өткөндүктөнбү же өзүңдөн бир канча жаш кичүү жаштар менен окугандыктанбы, айтор окууга болгон кызыгуу көбүрөөк болду. 1-курстан баштап эле лекцияларга үзбөй катышып, сабактарга даярдануу менен күн кечирчүбүз.

Ал мезгилде Тарых факультеттине тапшыргандар көп болуп, бир курста эки жүздөн ашык студент окуй турган элек. Ар бир курста сегизден группа болуп, аларды ар кайсы кафедраларга бөлүштүрүшчү. Биринчи курстагы биздин группа Археология жана этнография кафедрасына туш келиптир, ал жердеги археолог агайыбыз ыраматылык Бейше Урустамбеков кураторубуз болуп калды. Ал тартипти катуу кармаган мыкты мугалим эле. Бейше агай мени группага староста кылып дайындап, кафедрадагы мугалимдер менен кантип иштеш керектигин айтып жатып, кафедра башчысы Москвадан жаңы келген жаш агай экендигин айтты. Жаңы келген кафедра башчысы ишке бекем талап койгон мугалим деп кошумчалады. Бул Абылабек агай жөнүндөгү алгачкы маалымат болчу.

Ошондон көп өтпөй этнография сабагынан Абылабек Асанканов агай бизге лекция окуй баштады. Агайыбыз орто бойлуу, көзү бакыракай, каштары кара, чачтары тармалга жакын, ак жуумалынан келген, жарашыктуу кийинген жагымдуу киши экен. Лекцияны абдан жакшы түшүндүрчү, бирок эмоционалдуу болгондуктан, окуп жатканда бардык студенттер былк этпестен отурчу элек. Асанканов сабак өткөндө анын көп билгендиги жана чебер лектор экендиги көрүнүп турчу. Арадан көп мезгил өткөндүгүнө карабастан, агайдын лекцияларда айткан айрым бир ой-пикирлери али күнчө эсимде турат. Ошону менен 1984-жылдан баштап, Абылабек агай биздин мугалим болуп калды. Агай сабак өтүп жатып, айрым мезгилде токтой калып, студенттерге суроо узатып калчу, жооп бергендерге жылуу мамиле жасап, эгер билбей кала турган болсок, үнүн бийик чыгарып, ачууланганда бардыгыбыз апкаарып калчубуз. Группадагы студенттерге кафедрадан курстук иштер бөлүнүп, мен Абылабек агайдан жаза турган болуптурмун. Адегенде агайдан курстук ишти кантип жазам деп сары санаа болгондугум эсимде.

Курстук ишти жазуу процессинде агайды мугалим катары дагы, жетекчи катары дагы жакындан биле баштадым. Эң биринчи кезекте эмгекчилдигин, өтө көп окугандыгын байкадым. Агай жаңы ар кандай идеяларга бат берилип, түрдүү иштерди демилгелеп турчу. Өзү жетектеген студенттердин биринин дагы ишин окубай калгандыгын көргөн жокмун. Качан көрсөм эле текшерткени барган балдар-кыздардын кол жазмаларында агайдын кызыл сыя менен чиймелеген оңдоп-түзөтүүсү сөз жок болчу. Андай оңдоолор менин дагы жазгандарымда болуп, эскертүүлөрдү алгандан кийин бир канча жолу кайра-кайра жазчубуз. Башка мугалимдерден жазган курсташтарымдын көпчүлүгү китептерден көчүрүп алган курстук иштерин бир жолу эле жазып барып, жактап салгандыгын көрүп, ичибиз ачышып калчу.

Курстук ишти жазууда Абылабек Асанканов агайдын илимий эмгек кантип жазыла тургандыгын үйрөткөндүгү бизге, өзгөчө менин жеке өзүмө чоң сабак болду. Курстук ишке кандай илимий талаптар коюла тургандыгын жана аны жазууда илимий стилди колдонууну, ошондой эле адабияттарды кантип пайдалана тургандыгын үйрөткөн алгачкы илимий мектебим дал ушул Абылабек агайдын курстук иштерди жаздыруусу болуп калды. Агайдын өзгөчөлүгү курстук иштерди коргоодо 1-курстан 5-курска чейинки бардык студенттерин чогултуп, иштерди чогуу талкууга алып, коргото тургандыгында болгон. Буга адегенде көнбөй, бир аз өгөйлөп жүрдүк. Себеби, бирин-бири таанибаган, ар кайсы курстун студенттери ачылып сүйлөгөндөн тартыныша турган. Бирок акырындап көнгөндөн кийин, чоң-кичине курстардын арасындагы айырмачылык азайып, тескерисинче бири-бирине тажрыйба үйрөтүү сыяктуу кичинекей илимий клубга айланып кетти. Чоң курста окуган студенттер өздөштүргөн илимий ыкмаларды, төмөнкү курстагы балдар-кыздар тез эле кабыл алып кетиши менен кызыктуу эле. Мындай чогулган көпчүлүктүн алдында жазган илимий ишиң тууралуу айтып берүү, студенттердин ар түрдүү адамдардын коомунда чыгып сүйлөгөнгө, өздөрүн кармай билүүгө чоң көмөк көрсөттү. Кийин мен агайдын жолун улап, жогорку окуу жайлардагы студенттерге сабак берген учурумдан тартып, агайдын бул ыкмасын бүгүнкү күнгө чейин колдонуп келем.

Биринчи курстун соңунда этнографиялык практика өткөрүлчү. 1984/85-окуу жылды аяктап, жайында Абылабек агай жетектеген практикага жыйырмага жакын 1-курстун студенттери Ош облусундагы Ноокат районуна бардык. Ноокаттын Э.Тельман атындагы чарбасындагы Кыргыз-Ата айылына жайгаштык. Практикадагы аткара турган ишибиз айыл тургундарынан этносоциологиялык сурамжылоо жүргүзүп, анкеталарды толтуруу болчу. Ушул практиканын мезгилиндеги талаа шартында Абылабек агайды жакшыраак билип калдык. Агайыбыз баарыбызга кам көрүп, бизге ыңгайлуу шарттарды түзүп берүүгө абдан аракеттенди. Жаштар агайга бардык тармактар боюнча түркүн суроолорду беришчү. Ошолордун бардыгына жеткиликтүү деңгээлде жоопторду бергендиги, анын көп маалыматтарды биле тургандыгын көргөзчү. Студенттердин арасында Кыргызстандын ар кайсы тарабынан келген, айылдык жана шаардыктар да бар эле. Ал мезгилдеги шаардык жаштар дүйнөдөгү ырчылар жана кино актерлорго көбүрөөк кызыгышчу. Алар жөнүндөгү суроолрго Абылабек агай кошулуп, дүйнөлүк маданият өкүлдөрү тууралуу маалыматтарды айтып бергендигин байкап, агайдын деги эле дүйнөлүк маданият жана көркөм өнөр таануу боюнча кругозору кенен экендигин билгем.

Абылабек агайдын ишке берилген жана аны уюштура билген, баштаган ишин аягына чейин чыгарган мүнөзүн билдик. Практика өтүп жаткан учурда жумуш күнүн эч бир текке кетирбей, балдарды иштете турган эле. Бирок бош мезгилди дагы туура пайдаланып, коллективди көңүлдүү эс алдырып, түрдүү экскурсияларды уюштуруп берди. Алгач чарба жетекчилери менен сүйлөшүп, ишемби күндөрү алардын талаа жумуштарына студенттерди жардам бердирип иштеткен. Иштеген акысына тамак-аш жана экскурсияга чыкканга автобус алып, жекшемби күнү саякаттап жүрдүк. Ошол жолкуда Ноокаттагы мыкты жерлер Апшыр-Сайды, Кара-Кой жайлоосун жана Папан суу сактагычтарын көргөнбүз. Агайдын ишти талап кыла билген, ачык-айрым, өтө ак көңүл, кечиримдүү мүнөзү бар. Биринчи курстагы практикада болгон бир окуяны эске түшүрсөк, агайдын аталган мүнөздөрү ачык көрүнөт.

Практикага барган студенттердин ичинде болгону төрт гана эркек бар элек. Калганы жалаң кыздар болчу. Төрт баланын улуусу агайдан эки-үч жаш эле кичүү, кеч окуган студент эле. Ал өзү Ош областынан болуп, ошол мезгилде үйлөнгөнгө даярданып жүргөн мезгили экен. Бир күнү баарыбыз жумуштан келип кечки тамакты ичкенден кийин, биздин улуу жолдошубуз балдарды бөлүп чакырып алып, биз жашаган үйдүн артындагы алма бакка кичинекей майрамдык отуруш уюштуруп жиберди. Ал жерде бир топ отуруп, мына эми туралы деп жатканда Абылабек агайга кездешип калдык. Агай ошол жерден эле үнүн бийик чыгарып, бизди урушуп калды. Ага жооп кылып, тигил биздин улуу жолдошубуз каяша айтыша кетти. Калгандарыбыз ортого түшүп, аларды тынчтандырууга аракеттенип жүрөбүз. Агайдын ачуусу абдан келип, тиги баланы "эртең сени көрбөйүн, кеткин, сени окуудан дагы чыгарам" деп урушса, тигил досубуз "кетем, окубайм" дейт. Ал мезгилде окуудан чыгып калуу деген өтө жаман көрүнүш катары кабыл алынуучу. Биз болсо "агай кечирип коюңуз, мындай иш кайталанбайт" деп экөөнү элдештире албайбыз. Ошентип ал түнү жатып калдык. Эркек балдар эшиктин алдындагы тапчанда жатчубуз. Эртең менен тигил бала кийим-кечегин жыйнаштырып, жууркан-төшөгүн ороп эле кеткенге даярданып жатат. Биз болсо "ой кетпе, биз агайга айтып, аны көндүрөбүз" деп сооротобуз. Тигил кетем деп болбойт. Аңгыча агай чыгып калды. Анан ал эч нерсе болбогондой эле, тигил баладан "сен кайда?" деп сурады. Мындайды күтпөгөн тигил бала эмне дээрин билбей нес боло түштү. Агай болсо тигиге "тур кийимдериңди ташта, тамак ичип жумушка бар" деп, кечинде эч нерсе болбогондой эле сүйлөп салды. Тигил жигит ошол замат, буюмдарын ордуна коюп, тамакка отурду да, биз менен бирге иштегенге кетти. Кийин ал окуя жөнүндө бир оoз дагы сөз болгон жок. Ал тургай, ошондон бир жума өтпөй тигил жигит үйлөнө тургандыгын айтып суранганда, аны үйүнө жөнөттү. Практиканын аягында тиги досубуз баарыбызды тойго чакырса, агай баш болуп, тоюна бардык, куттуктадык.

Бул окуя агайдын ачуусу тез келсе дагы, ачуусу тарагандан кийин анын кечиримдүүлүгүн, ичинин тазалыгын көргөздү. Ушундай эле майда окуяларда агай ачууланып, бирок аны эсинен такыр чыгарып салгандыгы бар. Бир жолу эки практикант кызыбыз айылдагы адамдарга сурамжылоо жүргүзбөй, суунун жээгине отуруп алышып, анкеталарды өздөрү оюнан чыгарып, толтуруп жаткан жеринде агай үстүнөн чыгып калат. Аларды катуу урушуп, мындай болсо окуудан чыгып каласыңар десе, тиги кыздарда жан жок. Бирок кечки тамакка келгенде, агай тескерисинче тигил эки кызга эч нерсе болбогон сыяктуу тамак ичкиле, жегиле деп көңүл буруп олтурду. Агай өтө ак көңүл, кечиримдүү, кектегенди билбеген жан. Кээ бир айрым кекчил адамдардын өмүр бою болгон окуяны унутпай, ошонун өчүн алганга аракет кылгандарына тескерисинче, кандайдыр бир окуяга тез ачууланса дагы, ачуусу өтүп кеткенден кийин ал окуя тууралуу унутуп коёт. Мындай адамдарды кыргыздар "жакшынын ачуусу бар, кеги жок, жамандын атасы бар теги жок" деген макал менен айтып койгон. Башкача айтканда, Абылабек агай ичинде эч кири жок, ак көңүл жакшы адам.

Ушул биринчи курстагы практикадан кийин, мен төртүнчү курска чейин агайдан курстук иш жазып, бешинчи курста этносоциология боюнча "Айылдык кыргыздардын китеп окуусу" деген темада дипломдук ишти коргогом. Агайдын кафедрасында болуп, андан илимий иш жазган студенти болгондугума байланыштуу, кийинки курстардын биринчи курсундагы жайкы этнографиялык практикаларына мени практиканын жетекчиси кылып дайындап, Кыргызстандын ар кайсы аймактарына жөнөтүп турду. Буга менин жашымдын улуу болгондугу дагы таасир берди көрүнөт.

4-курска чейин биринчи курстардын студенттеринин арасынан түзүлгөн группаларды жайкысын этнографиялык практикаларга алып барып, мекенибиздин ар түркүн жерлеринде болуп, эң жакшы күндөр өттү. Агай менен бул жылдары тыгыз иштештим. Ар кандай кызыктуу окуялар болду. Алардын бардыгын эскерүүнүн кажети жок көрүнөт. Ошол жылдары агайдын кызыгуусу жалаң гана илимий чыгармалар менен чектелбестен, көп кырдуу экендигин билдим. Алсак, дүйнөлүк классикалык музыкаларды, сууга сүзгөндү, топ ойногонду жакшы билчү. Бирок ар жылы практикага жөнөрдүн алдында агай экөөбүз талашып-тартыша кетээр элек. Себеби ар бир курстан кийин, ошол курска тиешелүү практикалар болот эле. Алар дагы

кызыктуу болчу. Мен курсташтарым менен ал практикаларга барып чогуу өтүп келейин десем, агай “жок, биринчи курсту практикага алып барасың” деп болбой койчу. Экинчи курста музейлик практика өтүлчү. Жакшы окуган студенттерден тандап алып, бир топту Россиядагы Ленинград (Санкт-Петербург) шаарындагы музейлерге алып барышчу. Белгилүү болгондой, Ленинград бул ар бир адамды өзүнө тарткан тарыхый шаар эмеспи. Мен музейлик практикага Ленинградга барганга катталып, даярданып алгам. Кетээрге жакын калганда эле Абылабек агай мени чакырып алып, “сен быйыл эч кандай музейлик практикага барбайсың, биринчи курсту жетектеп этнографиялык практиканы өткөрүп келесиң” деп менин каршылыгыма карабай, алып калды. Жаныма 4-курста окуган Шайыр деген атбашылык кызды кошуп берип, түштүккө жиберди. Бирок бул практика Ленинградга баргандан дагы кызыктуу өттү. Ал мезгилде асфальт салына элек эски жол менен Суусамыр аркылуу Кетмен-Төбөгө, Кара-Көлгө барып, андан ары Фергана өрөөнү менен Лейлекке чейинки шаар, кыштактардагы калкка сурамжылоо иштерин жүргүздүк. Ушул сапарда азыркы учурда элдик мугалим болуп, таанымал болгон Гапыр Мадаминов менен таанышканбыз. Ал кезде ал жапжаш солкулдаган бала жигит болчу. Сүлүктү шаардык комитетинде иштейт экен. Ал бизди Ходжентке чейин алып барып, Сыр-Дарыядагы Чымчык аралга коноктогон эле. Сапарыбыздын аягы Ташкентке барганда бүтүп, ал жерден поездге түшүп, шаарга кайтканбыз.

Үчүнчү курста болсо пионердик практикага бармак болуп, Ысык-Көлдөгү Илимдер Академиясынын пансионаты “Илимге” бөлүнүп калгам. Окуу жылынын аягында адаттагыдай эле агай быйыл этнографиялык топту алып, Кочкор районуна кетесиң, ошол үчүн № 9 мектепке мөөнөтүнөн мурда практика өтүп кел, деди. Мен болсо сессия башталат, аны кандай кылам деп кыйылам. Акыры сессияга мен жардам берем деп мени көндүрүп, мектепке жиберди. Бирок сессия тапшырганда, убагында келбейсиң деп психология сабагынан берген Умуралиева деген шаардык эжебизден көргүлүктү көргөмүн.

Практикада жүргөндө биз өз алдынча иштегенибиз менен агай мезгил-мезгили менен келип, текшерип кете турган. Келген сайын анкеталардагы маалыматтарды кантип иштете тургандын, аны илимде кандай жол менен колдонулары сыяктуу нерселерди бизге түшүндүрүп берчү. Университеттин аудиторияларында окуган сабактарын талаа шарттарында практикада түшүндүрүү окуучулар үчүн пайдалуу болчу.

Агайдын илимге принципиалдуу мамиле кыла тургандыгын студент кезимде эле түшүнгөм. Төртүнчү курска келгенимде адаттагыдай эле жайкы практикага жөнөтө тургандыгын алдын-ала билип, төртүнчү курстагы курстук ишти жазбай эле агайга баа койдуруп алайын деп ойлодум. Эки, үч жылдан бери агайга жардам берип жүрсөм, жакшылап сурансам, агай мени түшүнсө керек, баа коёт го дегем. Ошондуктан, агай курстук ишти сураганда жазып жатам деп, чакырса ар кандай шылтоолор менен барбай коюп жүрдүм. Акыры курстук иштерге отчет бере турган убакыт жакындаганда агайга барып, менин убактым жок болуп ишти жаза албай калгандыгымды айтып, азырынча баа коюп өткөрүп турсаңыз, кийинки жылы дипломду мыкты жазууга убада берем деген сыяктуу сөздөрдү айтып кайрылдым. Ошондо агайдын ачуусу келгендигин айтпа, мени алдамчылык (очковтирательство) менен иштеп жүрөсүң деп урушуп, бир жарым жумада жазып келбесең, окуудан чыгасың деп айдап ийди. Айла жок аталган мөөнөттө жазып бүтүрүүгө туура келди. Ишти жылдагыдай эле сапаттуу жазууга аракеттенип, жыйынтыгында дурус эле жазылды. Бирок агай мага илимге кош көңүл мамиле кыласың деп баамды төмөндөтүп салган.

Студенттик мезгилдеги беш жыл аралыгында Абылабек Асанканов агайга ушунчалык жакындап, аны өзүмдүн агамдай эле көрүп калгам. Ал дагы мага жакшы мамиле жасачу. Бешинчи курста окуп жатканда, агай мага сен жакшы окуйсуң, факультетке алып калып, мугалим кылам деп жүрдү. Биздин мезгилде университеттин бүтүрүүчүлөрүнө атайын жолдомо менен Кыргызстандын бардык тараптарына ишке жөнөтүп, ал жерде милдеттүү түрдө эки жылдан кем эмес убакыт иштөөнү талап кылчу. Жумушка орноштуруу иштери Билим берүү министрлигинде чечилчү. Жакшы жери жумушка жөнөтүп жатканда, жол кире акысын жана бир айлык маяна өлчөмүндө “көтөрмө” (подъемные.) акча төлөнүүчү. Агайдын айтуусу менен, министрликтен “эркин” жолдомо алгам. Себеби, артыкчылык диплому менен

бүтүргөндөр, жумуш ордун өзүбүз табабыз дешсе, аларга багытталган жолдомо беришчү эмес. Жумушка орношуу үчүн арыз жазып алып, агай менен чогуу университеттин биринчи проректору Касийра Назарматовага киргенибиз эсимде. Бирок жыйынтыгында, вакансиялык орунга Москвадан аспирантураны жаңы бүтүрүп келген кадр алынып, мен жумушка орношо албай калгам.

Университеттен жолубуз болбой калгандан соң, жумуш ордун таап иштешим керек болчу. Анын үстүнө, окууну аяктагандан кийин үй-бүлө куруп, өз алдымча турмушту баштагам. Ошол себептерден улам, Бишкек шаарындагы мектептерден бош орун табылбай койгондон кийин, Чүйдүн Панфилов районундагы Э. Тельман атындагы орто мектепке 1989-жылдын 1-сентябрынан тартып, тарых сабагынан мугалим болуп орноштум. Педагогдук ишке кызуу киришип жаткан алгачкы айларда, Абылабек агай мени унутпастан, мен тууралуу ойлоп жүргөндүгүн кийин түшүндүм. Агай берген убадасын аткара албай калгандыгына бушайман болсо керек. Ошол жылдын октябрь айында, республикалык газеталардын бирине Кыргыз Улуттук илимдер академиясындагы Кол жазмалар жана жарыялоо бөлүмүнө вакансиялык орунга конкурс жарыяланыптыр. Жарыяны окуган агай тааныштардын биринен мени ошол конкурска документтерин өткөрүп, катышсын деп айттырып жибериптир. Абылабек агайдын бул адамкерчилик кадамы, анын өзүнүн окуучуларын ар дайым эстеп, алар жөнүндө кам көргөндүгүнүн далили. Агай мындай мамилелерди кийин деле, башка окуучуларына жасагандыгына көп эле жолу күбө болдум. Бул жерде айтайын дегеним, жеке менин илим жолуна түшүшүмө Абылабек Асанканов агай себепкер болгон.

Андан бери бир топ мезгил өттү. Абылабек агай дагы бул аралыкта өзүнүн эмгек жолунда түрдүү кызматтарды аркалады. Ал арада деле өтө тыгыз байланышта болбосом дагы, анда-санда болсо дагы агайга жолугуп, баарлашып жүрдүк. Жогорку жетекчилик жумушта жүргөн кезинде жанындагы тегеректеп жүргөн адамдардан көп деле жол тийбей калганы менен оппозиция маанайдагы абалда калган учурларында көбүрөөк жолугуп калчу элек. Агай жашоонун оош-кыйыш жолдорунда өзүн бир калыпта кармап, анын мурдагыдай эле ачык-айрым мүнөзү, ак көңүлдүүлүгү эч өзгөргөн жок. Болгону, турмуштан алган сабактарынан олуттуу тартып, адамдар менен иштешүүдө тажрыйбасы мол жетекчиге айланды. Акыркы сегиз жылдан бери Кыргызстандын УИАнын Бегимаалы Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнография институтунун директору кызматын аркалап келет. Ошентип, агай экөөбүз кайрадан бир коллективде эмгектенүүдөбүз. 2017-жылы институтка Абылабек агай коллективдин ичиндеги моралдык-психологиялык чыңалууну чечүүчү жетекчи катары дайындалган. Ал бул проблеманы ийгиликтүү чечип, коллективдин ичиндеги мамилелерди бекемдөөгө жетише алды. Уюштуруу иштеринин жана жетекчилик багытынын туура жолго коюлушу менен азыркы учурда институттун ишмердүүлүгү жакшы көрсөткүчтөрдү жаратууда. Албетте, тирүүлүктөгү бардык кубулуштардагыдай эле, институттун проблемалары эч качан толугу менен жок болушу мүмкүн эмес.

Абылабек Асанканов ишмердүүлүк карьерасында жогоруда сөз кылгандай, бир канча тармактарда, ар түрдүү милдеттерди аткарды. Алсак, жогорку окуу жайларда, мекемелердин структураларында жетекчилик орундарда, Президенттик администрацияда, ректордук кызматта ж. б. жерлерде кызмат өтөдү. Ушул көп кырлуу жумуштарды аткарган кезинде, анын эч өзгөрбөгөн сапаты илимге болгон кызыгуусу токтогон жок. Эмгек жолунда илимий изилдөөлөрү токтобостон, биринин артынан бири монография түрүндө китеп болуп жарык көрүп турду. Анын көптөгөн илимий иштерин эске албасак дагы, алардын арасынан жалпылап алганда, ондон ашык монографиянын жана жүздөн ашык илимий макалалардын автору болгондугун айтсак жетиштүү. Илимий изилдөөлөрү ар бир 4-5 жылда китеп болуп жарыкка чыгып тургандыгы, Абылабек Асанкановдун энергиясы мол, өтө активдүү окумуштуу экендигинин көрсөткүчү.

Абылабек Асанканов илимий изилдөөлөрүн этносоциология багытынан баштап, бул жаатта ири ийгиликтерди жарата алды. 1980-жылдардын ичинде айылдык кыргыздардын социалдык-маданий өнүгүүсүн изилдеп "Социально-культурное развитие современного сельского населения Киргизии" (Ф.,1989) китебин жазса, 1990-жылдарда кыргыздардын

улуттук өзүн-өзү аңдоосунун өнүгүүсү боюнча "Кыргызы: рост национального самосозвания" (Б., 1997) эмгегин жарыялады. Социологиядагы илимий ишмердүүлүгүнүн негизинде, илимге келе жаткан жаштарга билим берип, педагогдук кызматын өтөп, илимий жетекчилик кылып, социология менен алектенишкен жаш окумуштуулардын жоон тобун тарбиялады. Кыргызстанда социология илими боюнча Абылабек Асанкановдун илимий мектеби калыптанды. Этносоциолог катары кыргыз коомунда болуп өткөн улутаралык конфликттерди иликтеди.

А. Асанканов этносоциология менен гана чектелбестен, салттуу этнография (этнология) багытында дагы бир катар изилдөөлөрдү жүргүздү. Ал Кыргызстандын аймагында жана андан сырткары чөлкөмдөрдө жашаган кыргыздарды, ошондой эле кыргыздарга тектеш элдерди иликтөө максатында ири этнографиялык экспедицияларга катышкан. Талаа-экспедициясында жыйналган материалдардын негизинде, илимий эмгектерди жарыялады. Алардын арасынан көрүнүктүүсү, кытайлык кыргыздарга жүргүзгөн изилдөөлөрүн атасак болот. Кытайлык кыргыздарга жасаган экспедициясынын натыйжасында, алар тууралуу кызыктуу этнологиялык маалыматтарды камтыган "Синьцзяндагы кыргыздар" (Кыргызы Синьцзяна (КНР). - Бишкек, 2010) аттуу моногрфиясы 2010-жылы жарыкка чыкты. Бул эмгек жалаң гана окумуштуулар чөйрөсүн эмес, кытайлык кыргыздарды дагы кызыктырган. Алар эмгекти Кытай Эл республикасында 2013-жылы басып чыгарышты (Жунго Шинжаң кыргыздары (Монография) / Сунуштуу редактор Макелек Өмүрбай; жооптуу редактор Токтосун Карыбек уулу. - Артыш: Кызыл-Суу Кыргыз басмасы, 2013). А. Асанканов тарыхтын башка тармактарында дагы эмгектенип, тарыхый энциклопедияларды, жогорку окуу жайлардагы студенттер үчүн окуу китептерин түзүүгө катышты.

Абылабек Асанканов педагогдук жана илим жолундагы жетишкен ийгиликтеринин аркасында бийик-бийик наамдарды жана даражаларды алды. Ал тарых илимдеринин доктору даражасын, профессор наамын алып, 1999-жылы Кыргызстандын УИАнын кабарчы-мүчөсү, 2021-жылы КР УИАнын академиги болуп шайланды.

Мээнеткеч окумуштуу, талыкпас изилдөөчү, чечен жана терең билимдүү педагог Абылабек агайыбызды жетимиш жаш торколуу тоюу менен куттуктайбыз. Эң биринчи кезекте агайга чың ден-соолук, бакубат жашоо жана үй-бүлөлүк бакыт каалайбыз. 70 жаш акыл толук жетилип, илимде мөмө бере турган убакыт болуп эсептелинет. Агай ден-соолукта болсо, илимге кошо турган далай-далай жаңы салымдарды жаратат деп бекем ишенебиз. Бар болуңуз, аман болуңуз биздин урматтуу окутуучубуз, кутман курагыңыз кут болсун!

**Р. Жолдошов**

*КР УИАнын Б. Жамгырчинов (Джамгерчинов) атындагы*

*Тарых, археология жана этнология институтунун*

*ага илимий кызматкери*